Кпрг. 92
Б20

СБО

Балдар энциклопедиясы
* КУТААЛАМ *

# РОССИЯ



УДК 087.5
ББК 92
Б 20

Түзүүчү А. Орозова

Б 20 **Россия:** Балдар энциклопедиясы/ Түз. А. Орозова; Котор. Н. Жусупова; Кутаалам, 2017 – 48 б.: сүр. кырг.

ISBN 978–9967–28–353–4

Россия аянты боюнча дүйнөдөгү эң чоң өлкө. Россия дүйнөнүн эки бөлүгүндө – Европада жана Азияда жайгашкан. Өлкө өзүнүн кучак жеткис мейкиндиктери менен гана даңкталбастан, бай тарыхы, кызыктуу маданияты менен дагы атактуу. Россияда 180ден ашуун улуттун өкүлдөрү жашашат. Россия – улуу жазуучулардын, композиторлордун, сүрөтчүлөрдүн жана музыканттардын мекени. Ал ошондой эле космостун белгисиз болгон дүйнөсүнө алгачкылардан болуп жол салышкан улуу окумуштуулардын дагы өлкөсү.

Б 4802060000–17

ISBN 978–9967–28–353–4

УДК 087.5
ББК 92
© «Кутаалам» ЖЧК, 2017

# МАЗМУНУ


КИРИШҮҮ 4

РОССИЯНЫН ТАРЫХЫ 6

МАМЛЕКЕТТИК ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА КАЛКЫ 8

ӨЛКӨНҮН СИМВОЛДОРУ 10

ӨЛКӨНҮН АЙМАГЫ 11

РЕЛЬЕФИ. КЛИМАТЫ 12

ЖАРАТЫЛЫШЫ 14

ӨСҮМДҮКТӨР ЖАНА ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮ 20

ЭКОНОМИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ 24

МАДАНИЯТЫ 28

ОРУС ЭЛДИК КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮ 35

ТУРИЗМ 36

АТАКТУУ АЖАЙЫП ЖАЙЛАРЫ 38

МАЙРАМДАРЫ 44

АШКАНАСЫ 46





# КИРИШҮҮ

**Россия** – өзүнүн эбегейсиз мейкиндиктери, бай өткөнү, кызыктуу маданияты менен даңктуу өлкө. Россия – дүйнөдөгү эң чоң өлкө, ал миңдеген километрлерге созулуп жана жер кургагынын сегизинчи бөлүгүн ээлеп турат. Россиянын кучак жеткис аймагы өзүнө муз чөлдөрүн, жайылып жаткан токой мейкиндиктерин, бийик тоолорду жана кеңири түздүктөрдү камтыйт. Климаты ар түрдүү, жылдын төрт мезгили тең так көрүнүп турат.



Кайың токойчосу



Карелия



Түндүк бугулар мекенинде





Юрий Алексеевич Гагарин



Россиянын түпкүрлөрүндө сан жеткис байлыктар катылган – көмүр жана темирлер, мунай заты жана газ, алтын жана алмаздар. Ал пайдалуу казып алынуучу кендердин запастары боюнча дүйнөдөгү алдыңкы орундардын бирин ээлеп турат.

Россия – тарыхы бай өлкө. Ал ири маданий жана көркөм мураска ээлик кылат. Бул улуу жазуучулардын, композиторлордун, сүрөтчүлөрдүн жана музыканттардын мекени, адабияттын, драматургиянын, музыканын жана балеттин дүйнөлүк борбору. Дал ушул орус окумуштууларына укмуштуудай илимий ачылыштардын көбү тиешелүү. Космонавтикага негиз салышкан окумуштуулардын талыкпас эмгегинен улам 1961-жылы 12-апрелде Юрий Гагарин тарабынан аткарылган адамдын алгачкы жолу космоско учуп чыгуусу өткөн. Азыркы күнү болсо Россия дүйнөдөгү башкы космостук держава бойдон калууда.

# РОССИЯНЫН ТАРЫХЫ



Петр I

Киев анын борбору болгон Байыркы орус мамлекетин түзүү жылы катары 882-жыл эсептелет. Ал кездерде азыркы күнү дагы көпчүлүгү бар болгон шаарлар: Новгород, Смолеск, Полоцк, Чернигов, Ростов, Владимир, Москва сыяктуу шаарлар биринин артынан бири пайда болушкан.

988-жылы Русь чокундурулат – христиан дини ошол кезден тартып өлкөнүн расмий динине айланат.

1237–1240-жылдары орус жерлери татар каны Батыйдын жортуулуна туш болушат, Россия княздары Алтын Ордонун салык берүүчүлөрү болуп калышат, бул Россиянын тарыхындагы кайгылуу мезгил болуп саналат. Бул мезгил татар-монгол кысымы катары белгилүү.

XIV кылымдын башталышынан тартып Москва княздыгы күч ала баштайт. XV кылымдын ортосунда Алтын Ордо кулайт.

XVI кылымдын аягы – XVII кылымдын ортосунда Россияда крепосттук укук калыптанат.

Бул мезгилде падыша Петр I Орус мамлекетин радикалдуу реформалайт, башында император турган абсолюттук монархияны бекитет, ага жада калса чиркөө дагы баш ийет. Боярлык дворяндыкка айланат. Армия модернизацияланат жана ал тараптан билим берүү, өнөр жай, маданият, соода-сатык тутумдарында бир катар реформалар жүргүзүлөт, көп нерсе батыштын үлгүсү боюнча түзүлөт.

Екатерина IIнин 1762–1796-жылдардагы башкаруусу Россия империясынын «алтын доору» катары аталат. Екатерина II бир топ реформаларды жүргүзгөн: жарандык

коомдун негиздери салынган. Петербургда жана Москвада педагогикалык училищелер ачылып, Смольный кыздар институту, Элдик китепкана, Эрмитаж түзүлөт, Россия академиясы негизделет. Мамлекеттик банк жана ссудалык касса уюштурулуп, алгачкы жолу жүгүртүү кагаз акчалар (ассигнациялар) киргизилет. Орус-түрк согуштарынын жыйынтыктары боюнча Россияга Түндүк Кара деңиз жээгиндегилер, Крым, Кубаньдын алды жагы,Чыгыш Грузия кошулат.

Россиянын тарыхында көптөгөн кан төгүлгөн согуштар болот, алардан Россия жеңүүчү болуп чыгат. Россиянын Орус-поляк согушундагы (1654–1667-жж.), Түндүк согушундагы (1700–1721-жж.), 1812-ж. Наполеон менен болгон Ата Мекендик согуштагы баатырдык жеңиштери белгилүү.

Ошондой эле Россиянын тарыхына кетирилгис такты 1917-жылдагы революция калтырат, ал Романовдор династиясынын башкаруусуна чекит коёт.

1941–1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш – СССРдин советтер аймагына кол салып кирген нацисттик Германияга жана анын европалык жактоочуларына каршы согуш СССРдин фашисттердин үстүнөн болгон жеңиши жана Берлинди алуу менен аяктаган.

1922-жылдын 30-декабрында Советтик СоциалисттикСоюздук Республикалар (СССР) түзүлүп, ал 1991-жылы ыдырайт. Мурунку СССРдин бардык республикалары эгемендикти алышат. РСФСР Россия Федерациясы катары атала баштайт.

Россиянын алгачкы президенти катары 1991-жылы 12-июнда Б. Н. Ельцин аталат.

Бүгүнкү күнү Россия тез өнүгүп келе жаткан мамлекет болуп саналат.



Кызыл Аянттагы Биринчи май демонстрациясы, 1983-ж. жазы. Сүрөт: Жаңылыктар РМАсыныкы

# МАМЛЕКЕТТИК ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА КАЛКЫ

Россиянын мамлекеттик түзүлүшү өлкөнүн башкы мыйзамы – Конституция менен аныкталат. Бул мыйзам 1993-жылдын 12-декабрында кабыл алынат. Азыр бул күн мамлекеттик майрам катары белгиленет.

Мамлекет башчысы – Россиянын Президенти. Ал өлкөнү жетектейт жана Куралдуу Күчтөрдүн башкы командачысы болуп эсептелет.


Москва – Россия Федерациясынын борбор калаасы жана административдик борбору.

Москванын символдорунун бири – Москва Кремли. Бул дүйнөдөгү эң ири орто кылым чеби. Кремль дубалдарынын толук узундугу 2235 метрди түзүп турат.



Спасс мунарасы

Кызыл Аянт



Россия Федерациясынын курамында 85 субъект бар: 22 республика, 9 край, 46 область, 3 федералдык маанидеги шаар, 1 автономиялуу область жана 4 автономиялуу округ.

Россиянын калкы 146,7 миллион адамды түзөт. Бардыгы болуп Россияда 180 улуттардын (этникалык топтордун) өкүлдөрү жашашат.

Россиядагы эң ири сандуу калк – орустар. Бул жакта байыртан эле башка славян калктары: украиндер жана белорустар дагы жашап келишет. Волганы жана андан чыккан сууларды жээктеп татарлар, башкырлар жашашат.

Россиянын чок ортосунда, анын түндүгүндө жана түндүк-чыгышында фин-угор тилдеринде сүйлөшкөн башка калктар: марийлер, мордвалар, удмурттар, карелдер, комилер, хантылар жана мансилер жашашат.

Көп сандаган калк Түндүк Кавказда жашашат. Бул: кабардиндер, балкарлар, осетиндер, ингуштар, чечендер, аварлар.

Россиянын Сибиринде жана Ыраакы Чыгышында якуттар, буряттар, алтайлыктар жана башка көптөгөн калктар жашашат.

Ар бир эл өз салт-санааларын, үрп-адаттарын урматташат, алар үчүн кымбат болгон өз диндери бар. Россияда христиан, иудаизм, ислам жана буддизм диндерин карманууучулар жашап турушат.

Россиянын мамлекеттик тили – орус тили.



Орустар



Долгандар



Ингуштар

Энецтер



Эвенкалар



# ӨЛКӨНҮН СИМВОЛДОРУ



Россиянын мамлекеттик желеги

**Россиянын** мамлекеттик желеги – бул бирдей тууралыктагы үч горизонталдык: ак, көк жана кызыл тилкелерден турган тик бурчтуу формадагы кездеме. Ак түс асылзаттыкты, көк – ар-намысты, кызыл – эр жүрөктүктү символдоштуруп турат.

**Герб** – гербдин кызыл талаасында эки баштуу алтын бүркүт жогору карай жайылган канаттары менен тартылган. Бүркүттүн баштары чакан таажылар менен кооздолуп, алардын үстүнөн чоң таажы кийгизилген. Бул үч таажы чогуу тасма менен байланыштырылышат. Таажылар бүткүл Россия сыяктуу эле, анын бөлүктөрүнүн дагы өз алдынчалуулугун түшүндүрүшөт. Бир таманында бүркүт алтын таякчага окшош скипетрди, экинчисинде – алтын шар-державаны кармап турат. Алар – мамлекеттик бийликтин жана мамлекеттин биримдигинин символдору. Бүркүттүн төшүндө кызыл калканда артында плащы жайылган атчан тартылган. Бул ыйык Георгий Жеңиш алып келүүчү. Анын колунда курч найза, анысы менен ал жамандыкты символдоштурган кара ажыдаарды сайып турат.

**Мамлекеттик гимн** – бул Мекенге арналган ыйык ыр. Сөздөрү Сергей Михалков, музыкасы болсо – Александр Александров тарабынан жазылышкан.



Россиянын мамлекеттик герби

# ӨЛКӨНҮН АЙМАГЫ

**Россия** – дүйнөдөгү эң ири жана таң калыштуу өлкө. Азиянын чок ортосунан жана Кавказдын кар баскан чокуларынан тартып Түндүк Муз океанынын муздак жээктерине чейин, Балтий деңизинин жээктеринен тартып Тынч океанга чейин Россия созулуп жатат.

Россия – анын аймагы он эки деңиз менен жуулуп турган жападан-жалгыз мамлекет.

Россия аянты боюнча дүйнөдөгү эң чоң өлкө. Анын аянты – 17,1 млн. чарчы км. Россия бир эле маалда дүйнөнүн эки бөлүгүндө жайгашкан – Европа жана Азия, жаратылыш шарттары боюнча абдан ар кыл, пайдалуу кендери боюнча абдан бай. Россияны аймагы боюнча Түштүк Америка менен салыштырууга болот жана ал Австралиядан 2 эсе чоң. Анын эбегейсиз аймагында 56 Италия, 25 Франция же Монако сыяктуу майда өлкөлөрдөн 8 миллиону батышы ыктымал. Россиянын калкынын көпчүлүк бөлүгү – дээрлик 78% анын европа бөлүгүндө жашап турат, бирок аймактын негизги бөлүгү – 75% Азияда жайгашкан.

Россия батыштан чыгышты карай созулгандыгына байланыштуу, 11 саат алкагына бөлүнөт.

Россия 18 мамлекет: Норвегия, Финляндия, Эстония, Латвия, Литва, Польша, Белоруссия, Украина, Грузия, Түштүк Осетия, Азербайжан, Абхазия, Казакстан, Кытай, Монголия, Түндүк Корея менен кургактыкта чектешет, ал эми суу аркылуу: Япония жана АКШ.

**Сан менен картада белгиленгендер:**

1. Норвегия
2. Финляндия
3. Эстония
4. Латвия
5. Литва
6. Польша
7. Белоруссия
8. Украина
9. Грузия
10. Түштүк Осетия
11. Азербайжан
12. Абхазия
13. Түндүк Корея



# РЕЛЬЕФИ. КЛИМАТЫ

Россия биздин планетанын бүткүл кургактыгынын сегизинчи бөлүгүн ээлеп турат. Россия Евразия материгинде жайгашкан. Европа менен Азиянын ортосундагы шарттуу чек ара болуп, Урал тоолору эсептелишет.

Россия Тынч жана Түндүк Муз океандарынын, ошондой эле Атлантика океанынын Балтика, Кара жана Азов деңиздеринин жана Каспий деңизинин сууларына чайканып турат. Өлкөнүн көпчүлүк бөлүгүн түздүктөр түзүп турушат. Бирок ыраакы түштүктө Европанын эң бийик чокусу – Эльбрус жайгашкан көрүнүктүү кооз, кар баскан-Чоң Кавказ тоо кыркалары созулуп жатат. Сибирдин түштүгүндө андан төмөнүрөөк тоолор – Алтай жана Саян жайгашышкан. Ал эми чыгышта – Камчатка жарым аралы жана Куриль аралдары – бул вулкандар кандыгы: алар бул жактарда 200дөн ашуун.

Эгерде Россияга жогору жагынан карасак, анда, ал туш тарабынан кенен жана кууш сыяктуу эле, кыска жана узун болгон көгүлтүр жыланчалар менен тартылганын көрөбүз. Бул дарыялар, алардын саны 120000 ашуун.

Россиядагы эң узун дарыялар – бул сибирь дарыялары Лена (4400), Иртыш (4248 км), Обь (3650). Волга – Европадагы эң узун дарыя (3531 км).



Тайга

Россиянын бүткүл аймагынын дээрлик жарымын токойлор ээлеп турушат. Токой бул Россиянын түгөнгүс байлыгы. Бирок өлкөдө талаалар, тундра да, арктикалык чөлдөр да бар.

Самарадагы суусу толуп агуучу Волга дарыясы



Өлкөнү куштардын жана жан-жаныбарлардын көп түрү мекендешет. Алар үчүн 35 улуттук парк жана 84 корук уюштурулушкан.

Географиялык жайгашуусу боюнча Россия Түндүк жарым шарында турат. Географиялык абалын көп жагынан алганда климаттык шарттар алдын ала аныктап турушат.

> Россиядагы көлдөр эки миллионго жакын санда. Байкал – дүйнөдөгү эң терең көл. Анын тереңдиги – 1620 метр. Байкалга 336 дарыя куят, агып чыга турганы болсо жалгыз – Ангара гана.

Россияга климаттын ар түрдүүлүгү мүнөздүү, ал өлкөнүн түндүктөн түштүктү карай созулушу, бир кылка эмес рельефи, айрым бөлүктөрүнүн океандан ар түрдүү алыстыкта турушу менен түшүндүрүлөт. Кара деңиздин жээк боюндагы ички тилке субтропикалык алкакта турат, ал эми мамлекеттин жеткиликтүү ири аймагы катаал климаттык шарттар менен мүнөздөлүшөт. Ошондуктан, январь айындагы Сочидеги орточо температура 0º жакын болсо, Оймякондун аймагында (Түндүктө) -71 º чейин жетет.

Арктика райондорунда кыш жыл бою созулат. Бул жакта адамдар дээрлик жашашпайт, окумуштуу-изилдөөчүлөр, спортсмендер гана келип турушат.

Жай мезгили Россиянын бүткүл аймагында түштүктү карай жылган сайын улам жылуу боло баштайт. Кыш мезгилинде суук өлкөнүн батыш чектеринен (-8º) тартып чыгышка (Якутиядагы -50ºС чейин) жылган сайын күчөйт. Бул чыгышка Атлантика океанынан жылуулук аз жете тургандыгы менен түшүндүрүлөт. Болгону дагы чыгышыраак, Тынч океанга жакындаган сайын, кыш кайрадан бир топ эле жылуу боло баштайт.

Сибирдин жана Ыраакы Чыгыштын райондору үчүн көп жылдык тоңуп туруу мүнөздүү. Бул жактарда жада калса эң жылуу ай, июлда дагы температура көп учурда 0ºС төмөн түшүп турат. Кыштын көп бөлүгүндө полярдык түн созулса (Күн горизонт үстүндө пайда болбойт), жай мезгилинин көпчүлүк бөлүгүн – полярдык күн турат (Күн горизонтко батып кетпейт).

Тундра



# ЖАРАТЫЛЫШЫ

Россия – абдан таң калыштуу кооз жана ар түрдүү болгон өлкө. Россия уникалдуу жаратылыш объекттери – көлдөрү, токойлору, тоолору, үңкүрлөрү, өрөөндөрү, геологиялык түзүлүштөрү, гейзерлери менен атактуу. Албетте, Россиянын мейкиндиктеринде өзүнүн сулуулугу жана ыйыктыгы менен таң калтырышкан жерлердин саны абдан көп.

Россияда 103 корук, 43 өтө ири улуттук парктары жана 90 майда корукчалар бар. Россиянын өзгөчө корголо турган жаратылыш аймактарынын жалпы аянты – дээрлик 600 миң чарчы километр, бул өлкөнүн бүткүл аянтынын 4% түзүп турат.

Дүйнөдөгү эң ири токой – сибирь тайгасы. Ал жада калса амазония сельвасынан дагы бир нече эсе чоң. Сибирь тайгасы түштүктү карай, түндүк полярдык айланасынан баштап узун тилке болуп жайылып жатат. Бул тилкенин туурасы мээлүүн климат зонасы менен арктика тундрасынын ортосунда 1300 километрге чейин жетет.



Мансий таштары

Мань-Пупу-Нер (Коми Республикасынын Троицк-Печора району) платосунун чегинде, түбөлүккө катып калган дөөшаалар сымал **Мансий таштары** турушат. Жергиликтүү калк ар-намыска бекем манси калкы жана аларды шамандар жеңип, мамыларга айландыра турган жаман каармандар тууралуу таң калыштуу окуяларды айта алышат. Окумуштуулар болсо алардын пайда болушун тоо массивинин жумшак тектеринин бузулушу менен түшүндүрүшөт. Кандай гана болбосун, алыстыгына карабастан, бул ажайып жер кызыкчылыгы саякатчыларды өзүнө тартып турат. Бул жерге баруу үчүн тайганы аралап жөө жол басуу 3 күндү талап кылат.

Мансий таштары – 7 мамыдан турган топ, алардын бийиктиги 30–42 м чектеринде. Алардын бардыгы таң калыштуу формалары менен айырмаланышат. Алысыраак өзүнчө турган дөө-шаа моюну менен жерге сайылып коюлган бөтөлкөнү элестетет. Мамылар жылдын каалагандай мезгилинде сонуркатышат. Кышкысын алар таптакыр аппак, күзүндө – туман каптап өзгөчө сыйкырлуу. Бирок жаратылыш эстелигин сактап туруу үчүн аларга баруу үчүн уруксат берүү чектелүү.



Ленадагы таш токой

Адамдардын эсинде күчтүн жана кубаттуулуктун кетирилгис таасирин **Лена мамылары** калтырышат. Алар айрым адамдар үчүн түбөлүк күзөттө катып калышкан дөөлөргө окшош болуп көрүнсө, башкалар үчүн орто кылымдагы ак сарайдын кулагыс дубалдары элестетилет. Жергиликтүү жашоочулар туристтерге тигил дүйнө күчтөрүнүн тынчын алышкан шалаакы жолоочулар тууралуу таң калтыраарлык окуяны айтышат.

Акиташ мамылары Лена дарыясынын оң жээгинде, Якутиянын Хангалас районунда (улусунда) жайгашкан. Алардын узундугу 40 кмге жетет. Алар татаал климаттык шарттардын: температуралардын өйдө-төмөн болушунун жана шамалдардын таасири алдында 550 млн. жыл мурун калыптана башташкан.



Камчаткадагы гейзерлер өрөөнү


**Гейзерлер өрөөнү** – бул Россиядагы жана Евразиядагы жападан жалгыз гейзер талаасы, Камчаткадагы Кроноц мамлекеттик биосфералык корукта жайгашкан дүйнөдөгү мындай жерлердин ичинен эң чоңу. Жаратылыш аны чоочун көздөрдөн жашырып койгон. Ал кокусунан 1941-жылы ачылган. Ал Россиянын 7 укмуштарынын тизмесине кирген жана ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурасынын «Камчатка вулкандары» объектинин бөлүгү болуп саналат.

Кубаттуу жаратылыш катаклизмдери капчыгайды каптап, рельефти өзгөртүп, суунун, баткактын жана гейзерлердин калдыктарынын алдына жашырып турган. Бирок ар бир жолу ысык суунун күчтүү агымдары жогору карай атылып жол таап чыгып, кайра жаралып турушкан.

Бүгүн болсо 40ка жакын гейзерлер ар түрдүү күч жана мезгилдүүлүк менен жогору карай суунун ысык агымдарын атылтып турушат. Алардын ичинен эң эле эсте кала турганы – Дөө. Ал 2 мүнөт бою 9 кабат тамдын бийиктигине жете турган фонтан болуп атылат. Сүрөттү термалдык булактар, кайнап жаткан баткагы бар казандар, ысык көлдөр, шаркыратмалар жана булактар толуктап турушат. Пейзажка сулуу боёкторду жапжашыл чөптөр жана ысык суу чыккан жерлердин айланасында жайгашышкан гейзерит кристаллдары кошуп турушат.

**Алтай – бийик тоо кыркалар дүйнөсү.** Бул жакта Сибирдин эң жогорку чекити – Белуха чокусу (4506 м) жайгашкан. Андан тышкары, бул өтө алгыс тайга, түпсүз көгүлтүр көлдөр жана арбап ала турган жомоктор өлкөсү. Бул аскага чыгуучулар, ойчулдар жана романтиктер барууну каалаган жер. Алтай тоолору эки жолу жаралышкан. Алгач алар 500–400 млн. жыл илгери пайда болушкан, бирок жаратылыш күчтөрүнүн таасири алдында талкаланып калган. Убакыт өтүп, алар кайра жаралган, азыркы чокуларынын курагы 66 млн. жыл.

«Алтай» сөзүнүн жаралышы бир нече версияга ээ. Алардын бирин жактоочулар, ал монгол тилинен которгондо алтын, тактап айтсак алтындуу дегенди



Кучерлинск – Алтай тоолорундагы көл

билдирет. Бул версияны ал жактан табылган ири алтын кен түйүндөрү тастыктап турушат. Башкасы – түрк тамырларын божомолдошот да, аталышты «чаарала тоолор» катары чечмелейт. Ал пейзаждын бир кылка эмес, бай болушунан улам жаралган.

Алтай пейзаждарынын сулуулугу уникалдуу жана кайталангыс. Жашыл шалбаалары жалаңдаган аскалар менен алмашылат, ал эми тоо кыркалары көлдөрдө чагылып, тоонун ташкындуу дарыялары төмөн карай шаркыратмалардан кулашат.




Мультин көлдөрүнүн каскады

**Мультин көлдөрү.** Тоолуу Алтайдагы жети көлдөн турган каскад, ал Катун кыркасынын түндүк этегинде жайгашкан. Жогорку, Жогорку Туурасынан кеткен, Ортоңку, Төмөнкү, Бекем, Куйгук көлдөрү көз жоосун алган шаркыратмалар менен агымдар аркылуу бириктирилген бирдиктүү чынжырды түзүшөт. Каскаддын ар бир көлү элестетүүнү таң калтыра турган альпы талааларынын жана тоо чокуларынын түрлөрү менен айырмаланышат. Көлдөрдөгү суулар таң калыштуу, планетада башка эч жакта жолукпай турган жашгылтымсыттүү түстө. Мультин көлдөрү – Катунь биосфералык коругунун бөлүгү болуп саналышат.

**Байкал – Сибирдин бермети.**

Дүйнөдөгү эң терең жана эң байыркы көл – Байкал. Чыгыш Сибирде жайгашып, көл тоо кыркалары менен курчалып турат. Анын курагы 25 миллион жылга жакын. Байкал Сибирдин бермети катары эсептелээри белгилүү. Катаал мүнөзү үчүн



Байкал көлү

аны көп учурда деңиз деп аташат. Анын жээк сызыгынын формасы жаңы туулган жарым айды элестетет. Байкал – эң чоң көл, ал ичиле турган суунун дүйнөлүк запасынын 20%га жакынын сактап турат. Максималдуу тереңдиги – 1600 м ашык. Көлдүн туурасы 80 кмге, узундугу – 636 кмге чейин жетет.



Курш саян жээк тилкеси

**«Курш саян жээк тилкеси» улуттук паркы** ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурасынын тизмесине эл аралык мааниндеги объект катары киргизилген. Россиянын балтика жээгиндеги уникалдуу жаратылыш объекти – узундугу 98 км келген токой өскөн кумдуу саян жээги. Бул жээктин Россияга тийиштүү бөлүгү – 49 километр, калган бөлүгү Литвага тиешелүү болот. Саян жээктин башкы өзгөчөлүгү – эбегейсиз чоң, дайыма шамалдын таасири менен өз көрүнүшүн өзгөртүп тура турган кумдуу дюналар. Курш саян жээги өзүнчө эле «куштар көпүрөсү» – бул Түштүк жана Борбордук

Европадан көпчүлүк канаттуулардын Европа Түндүгүн карай учуу трассасы. Саян жээктин аймагында куштарга шакек тагып, алардын миграция жолун изилдей турган орнитологиялык станция жайгашкан.

Бул жактан ошондой эле көп адаттан тыш нерсени көрүүгө болот: «Бийлеп турган токой» – керемет ийрейтилишкен бактары бар кызыл карагай токойчосу; ичиле турган суусу бар Курш булуңундагы канаттуулардын жана башка суу жаныбарларынын көптүгү; бүткүл дүйнө жүзүнөн келген бак-дарактары жана бадалдары бар уникалдуу өсүмдүктөр. Жана, албетте, кайталангыс балтика пейзажы – алыска умтулган жана учу-кыйры жок элестеген кумдуу пляж.

**Эльбрус** – Россиянын эң бийик тоосу, Түндүк Кавказдын визиттик карточкасы. Курчап турган айланасынын үстүнөн ак карлуу чокулар эки монументалдык дөө катары чыгып турушат. Алардын бийиктиги – 5621 м (чыгыштагысы), – 5642 м (батыштагысы). Эльбрустун апакай болгон жабуусун 80ден ашуун мөңгүлөр камсыз кылышат.

Адегенде Эльбрус аракеттеги вулкан болгон, анын курагы миллион жылдан ашуун. Акыркы жолу ал б. э. 50-жылында атылган. Азыркыга чейин окумуштуулар талашып-тартышып келишет: ал өчтүбү же жөн эле уктап калдыбы. Альпинисттерден башка Эльбрусту лыжа сүйүүчүлөр жактырышат, айрым трассаларында жыл бою лыжа тебишет. Тоо сулуулугу, шаркыратмалар жана заңгыраган кызыл карагай токойлорун Чегем капчыгайын карай жол тартып барып көрүүгө мүмкүн болот. Тоонун түндүк этегинде жайгашкан Жилы-Су (Жылуу-Суу) өрөөнү, биринчи кезекте, өзүнүн 14 минералдык дарылык булактары менен кызыктырат. Чегет тоосунда 2719 м бийиктикте курулган байкоо салуу аянтынан, шезлонгдо отуруп Түндүк Кавказдын ыйык сулуулугуна көз салуу абдан жагымдуу.

**Сочинин жаратылышы** өзүнүн түрдүүлүгү менен таң калтырат. Бул жакта жылуу деңиз климатынан улам өсүмдүктөр саны абдан көп. Сочинин ар түрдүү булуң-бурчтарынын пейзаждары өз сулуулугу менен тамшандырат.


Сочинин сүйүктүү жерлеринин бири – Тисосамшит токойчосу. Реликт, бир мөңгүлүү, Европаны 18–25 млн. жыл илгери каптап турган токойлор Кавказ мамлекеттик жаратылыш биосфералык коругунун аймагында гана Кавказдын Кара деңиз жээгиндеги уникалдуу климаттан улам сакталып калышкан.



Эльбрус



С50



Тисо-Самшит токойчосу

**Тисо-Самшит токойчосу** – бул эч качан бактарын балта чаппаган, Жаратылыштын өзү тараптан жаратылган, өсүмдүктөрдүн 400дөн ашуун түрүн: тропикалык козу карын-гүлдөрүн, боёктуу орхидеяларды, бак-дарактардын жана бадал өсүмдүктөрүнүн 70ге жакын түрүн камтып турган ботаникалык бак. Токойчонун жаныбарларынын жана өсүмдүктөрүнүн ири бөлүгү эндемиктер жана реликттер болуп саналышат, алар ЖКЭБдин жана Россиянын Кызыл китептерине киргизилишкен. Тисо-Самшит токойчосунун аянты болгону 302 га, ал 1931-жылдан тартып корголот, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн дээрлик 50 чанда жолукчу түрлөрү үчүн сактоочу арал болуп саналат.

Ошондой эле көз жоосун алган сулуулугу менен Сочинин тоо дарыялары жана капчыгайлары тамшандырышат, алар так санын эсептөө кыйынга турган шаркыратмалары менен даңкталышат. Алардын ичинен эң көп таасир калтыра турган табигый жаратылыштын бири – Агура шаркыратмасы.

Деңизге куюуга умтулуп, тез аккан дарыя Агура акиташтуу урчуктар менен тоголонуп, шаркыратмалар каскадын түзүп турат.

Байыркы бир уламыш айтып тургандай, көптөгөн жылдар илгери абдан назик сулуу кыз Агура башкалардан жашырып, тоо аскасына кадалып коюлган өз сүйгөнүнө суу алып келип берет. Бул тууралуу билип калган кезде, кызды тоодон ылдый ыргытышат, ал жакта таштарга урунуп, ал кыз ийри-муйру аккан тоо дарыясына айланат.

Бүгүн анча чоң эмес 10 кмге созулган Агура дарыясы эң кооз болгон Бүркүт аскаларынын этегиндеги тоо капчыгайында агып турат. Анын башталышы Алек тоо кыркаларынын түштүк этегинде болуп, деңизди карай умтулуп, өз жолунда бул дарыя керемет кооздуктагы шаркыратмалар каскадын жана ар түрдүү суу толгон жайларды жаратат, алардын ичинде эң белгилүүсү Шайтандын жуунгучу (купель). Бүркүт аскалары Агура

дарыясынын оң жээгин бойлоп жайгашышкан. Алар агыш акиташ менен капталышкан, ошондуктан аларды көп учурда Ак деп аташат. 400 мге жеткен аска чокуларында кызыл карагай өсөт, ал эми тегерек-четинде көптөгөн карст үңкүрлөрү бар.

Шаркыратмалар үстүндө Бүркүт аскалары шаңкайып турушат, бул жакта жергиликтүү уламыштар боюнча Прометей чынжыр менен байланып кармалып турган. Анын статуясы дал ушул жакта орнотулган.

**Крымдын жаратылышы** – таң калыштуу, өзүнө тартат, сонуркатып кызыктырат жана абдан эле бай. Крым пейзаждары ушунчалык ар түрдүү болгондуктан, бул жактан жер шарынын көптөгөн булуңбурчтары менен окшоштуктарды табууга болот. Жарым аралдын аймагында тоо капчыгайларынын башталыша турган 150дөн ашуун дарыя бар.

Эң сулуу, кубаттуу жана суусу көп шаркыратма болуп Крымда «Джур-Джур» («Шылдыраган») шаркыратмасы эсептелет. Жарым аралдын чакырык баракчасынын бири болуп ошондой эле Күмүш агымдар шаркыратмасы дагы саналат. Капкара аска жараңкасынын үстүндө



Джур-Джур шаркыратмасы

эңилчек баскан топу саландап турат, аны менен ичке агымдар болуп тоонун тунук суусу агып түшөт. Күмүш агымдар шаркыратмасынан жогору агым боюнча Юсупов көлү жайгашкан. Бул жасалма көлмө, жыйырманчы кылымдын башында аны өстүрүү үчүн атайын шарттар зарыл болгон форелди багуу үчүн князь Юсупов тарабынан курулган. Анда таш дамбасы курулган, жарым айдай болуп капчыгайды жаап турган Сары-Өзөн дарыясы башталышын карст булагынан алат, ошондуктан көлдөгү суу жайдын аптабында дагы салкын жана кристаллдай тунук. Крымдын аймагындагы эң бийик шаркыратма болуп Учан-Су («Кулап жаткан суу») шаркыратмасы эсептелет. Шаркыратмага баруу үчүн өтө кооз Боткин жана Штангеев жалгыз аяк жолдору менен көтөрүлүүгө болот. 85 метр келген шаркыратма башталган асканын чокусунан Ялтанын четтерин көрүү үчүн укмуштуудай көрүнүш ачылат.



Сасык-Сиваш көлү

Чыгыш Крымынын бермети катары Кучук-Карасу каньонун атоого болот, анткени көп сандаган ванналардан жана сулуу каскаддардан тышкары анда 4 чоңчоң жана эсте калаарлык шаркыратмалар бар. Сасык-Сиваш көлү жарым аралдын эң ири көлү болуп саналат. Ал биринчи кезекте өзүнүн тузу жана дарылык баткактары менен атактуу. Бул жактан байыркы замандардан тартып эле бардык жакын жайгашкан мамлекеттерге таркатыла турган тузду казып алуу иштерин жүргүзүшкөн.



Тайга

Мейкиндиги эбегейсиз болгондугунан улам Россиянын жаныбарлар жана өсүмдүк дүйнөлөрү абдан эле ар кыл. Өз түрдүүлүгү боюнча ал Европадан бир нече эсе айырмаланып турат.

Россия – жаратылышынын көп кырдуулугу жана сулуулугу менен таң калтырган өлкө: бул жакта өзүнүн мейкиндиктерин Тайга кеңири жайып, падышадай көп кылымдык монолити менен Урал тоолору турушат, көлдөрү жана деңиздери жан бере турган нымдуулук менен дем алышат.

Азыркы учурда Россиянын аймагында жаныбарлар дүйнөсүнүн 130 миң түрү бар. Алардын таркалышы климаттык зоналарынан көз каранды, алар ар башка жандыктар түрлөр үчүн эң эле ыңгайлуу.

Океан жээктеринин жашоочулары болуп ак аюулар, деңиз коёндору, деңиз



Ак аюулар



Деңиз коёну



Түндүк деңиз мышыктары
(эркеги, ургаачысы жана балдары)

кундуздары, түндүк деңиз мышыктары саналышат. Тундра менен Арктиканын аймагында уникалдуу арктикалык сүт эмүүчүлөр түрлөрү – түндүк бугусу, суусар, леммингдер жашашат.

Ошондой эле бул зоналар үчүн канаттуулардын ак үкү, ак тоодактар, түндүк думбулдар сыяктуу түрлөрүнүн жашашы мүнөздүү. Бул түрлөрдүн көпчүлүгү жок болуп кетүү коркунучу алдында турушат жана мыйзам тарабынан корголушат.



Ак үкү

Түндүк бугулары





Ак кайыңдар

Россиянын маданий мурасында Аюу – башкы каармандардын бири. Русьтагы аюу культу байыркы замандардан эле башталган. Аюу кубаттуулук менен күчтү билдирип турган.

Мамалак – 1980-жылдагы Олимпиаданын символу жана 2014-ж. Сочидеги Олимпиаданын символдорунун бири.



Күрөң аюу

Россиянын тайга зонасы – бул өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын көпчүлүк түрү үчүн үй. Бурундуктар, суусарлар, тыйын чычкандар, эликтер, маралдар жана изюбрлар, күрөң аюулар үчүн – алар жашаган жери. Куштар дүйнөсү бул жакта тоңкулдактар, токой чилдери, үкүлөр, бабыргандар, синицалар, юркалар менен берилишкен.

Россия талааларынан хомяктарды, суурларды, тушканчиктерди, талаа-пищухтарын жолуктурууга болот; эң кеңири таркалган канаттуулар – бүркүттөр, турналар, торгойлор, тоодактар, талаа ача куйруктары.

Тоо фаунасы түрдүүлүгү менен айырмаланат. Өзгөчө Кавказдын фаунасы башкача. Бул жакта талаа чычкандары, тоо текелер, жейрендер; канаттуулардан – кавказ жана каспий уларлары, кавказ каракуру, чоң эжекебеса, кызыл курсактуу от куйрук ж. б. бар.

Россия эбегейсиз аймакты ээлеп турат, **өсүмдүктөр дүйнөсү** бул жакта абдан эле ар кырдуу.

Тундранын өсүмдүктөрү негизинен эңилчектер менен бадалдардан турат. Тундранын түштүк бөлүгү өсүмдүктүн жеткиликтүү түрдүүлүгүнө ээ – бул карлик

кайыңдар жана мажүрүм талдар, анча бийик эмес чөптөр, брусника, голубика жана кара моюлдун мөмөлөрү. Түндүккө жакыныраак, өсүмдүктөр эңилчектер жана мохтор менен гана көрүнүп турушат.

Катаал тайганын өсүмдүктөрү суукка чыдамдуу өсүмдүктөр. Катаал тайга шарттарына эң ылайыкташкан бак-дарактар кызыл карагай, пихта, карагай, сибирь клену жана лиственница.

Түштүккө жакыныраак жазы жалбырактуу бактар – клен, липа, бай теректер кездешип турат. Жарык жетишпегендиктен, тайгалар эңилчектер менен капталып, карагаттын, шилбинин жана арчанын бадалдары кездешишет.



Голубика

Россиянын токой талаалуу зонасы, Алтай крайы жазы жалбырактуу токойлору менен бай. Бул жакта эмен, кайың жана бай терек, клёндор өсөт.

Кайың – Россиянын символу. Анда элдин жан дүйнөсү, анын тарыхы жана салт-санаасы чагылдырылган. Русь чокундурулгандан кийин ак кайың чиркөө майрамы Троица менен окшоштурула баштаган. Жаш бутактар менен храмдарды жана турак-жайларын кооздошкон. Россияны ак сөңгөктүү кайыңдар мекени деп аташат. Ал орус акындарын жана сүрөтчүлөрдү укмуштуудай керемет чыгармаларды жаратуугa шык берген.

Талаа зонасы бетеге, сулу, эрмен менен шыбакка бай; бадалдардан бул жакта спирея жана караган кеңири таркалган. Ошондой эле талааларда эңилчектер абдан көп өсүшөт.

Кавказда эмен жана бук токойлору өсүшөт, кызыл карагайдын, арчанын, жер ортолук жана субжер ортолук токой түрлөрү, пицунд кызыл карагайы кездешишет.

Пицунд кызыл карагайы



# ЭКОНОМИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ



Орус рубли

**Рубль** – Россия Федерациясынын жана Белоруссиянын валюталарынын; мурун – СССРде, андан дагы мурун – Россия империясында колдонулган акчанын аталышы.

Рубль аталышы XIII кылымда эле новгород кайың кабыгында жазылган грамоталарда кездешет. XV кылымга чейин рубль күмүш уютмасын түшүндүрүп, салмагы 100 граммга (Москвада) жакын болгон; анын аталышы «кесүү» сөзүнөн келип чыккан – салмагы бир гривна болгон күмүш тилими бир нече бөлүктөргө бөлүнүшкөн (адатта төрткө деп эсептелет, бирок ЧСЭ экиге бөлүнгөн деп тактайт), дал ушул бөлүктөр рублдер деп аталышкан. XV кылымда Москва Русунда чегип чыгаруунун башталышы менен рубль күмүш акчасы салмактык акчадан акча бирдигине айланган; андан ар бир алынган бир граммдан бир аз кем болгон салмактагы 100 монета (акча) чыгарылган, алар кийинчерээк копейка атала башташкан.

Мурда кагаз купюралары болгон эмес, металл акчалар гана болушкан. Ломоносов тирүү маалында кызыктуу факт болгон: ага 2000 рубль сый акы беришкен кезде, бул сый акынын жалпы салмагы дээрлик тоннаны түзгөн, ошондуктан, акчаларды үйүнө жеткирип алуу үчүн ага жумушчусу менен кошо араба жалдап алууга туура келген.

Акчалар үчүн эң кызыктуу материал болуп тюлендердин териси саналган. Россия-америка компаниясы XIX кылымдын башталышында жүгүртүүгө 42 миң рубль суммасына 10 миң акча бирдигин чыгарган. 1826-жылга чейин бул акчалар жүгүртүүдө болушкан. Кызыгы, азыркы учурга карата мындай бир монета ага салмагы боюнча барабар алтын бөлүгү канча турса, ошончо турат.

Россиянын географиялык жайгашуусу ушунчалык уникалдуу, ошондуктан ага окшош өлкөлөр табылбайт, анткени Россия Евразия материгининин түндүгүндө турат жана анын аймагынын 30% жакынын, анын ичинде – 42% Европанын аймагынан жана 29% - Азиянын аймагынан ээлейт. Россия пайдалуу кендеринин болушу жана жаратылыш ресурстары боюнча биринчи орунду ээлеп турат, алар дүйнөлүк запастардын 20% жакынын түзүшөт. Бул факт Россиянын экономикасынын чийки зат багытында болушун аныктап турат. Россия Федерациясы 85 тең укуктуу субъекттерге бөлүштүрүлгөн.

Жаратылыш газынын запастары боюнча Россия дүйнөдөгү биринчи орунду ээлеп турат. Жылына 650 млрд. кубометр газ алынат. Уникалдуу деп аталышкан 10дон ашык кен жерлери чалгындалган, анткени алардагы божомолдонгон запастар 1 трлн. кубометрден ашык белгини көрсөтүп турушат.



Россиядагы газ өнөр жайы

Россия бул бирдиктүү экономикалык мейкиндик. Азыркы учурда Россиянын өнөр жайын төмөнкү атаандаштыкка жөндөмдүү тармактар: мунай зат жана газ, кен казып алуу, кымбат баалуу таштарды жана металлдарды кайра иштеп чыгаруу, самолет куруу, ракеталык-космостук өндүрүш, атом өнөр жайы, курал-жарактарын жана аскер техникасын өндүрүү, электротехника, целлюлоза-кагаз өнөр жайы, автоунаа өнөр жайы, транспорттук, жол жана айыл чарба машинасын куруу, жеңил жана тамак-аш өнөр жайы түзүп турушат.



Россиядагы мунай затын казып алуу

Россия – бул пайдалуу казып алынуучу кендердин запастары боюнча алдыңкы орундардын бирин ээлеген дүйнөдөгү эң чоң өлкө. Россиянын аймагында 200 миңден ашуун жер кен байлыктары ачылышкан.

Темир кендери боюнча Россия дүйнөдөгү биринчи орунду ээлеп турат. Эң ири кен байлыктар казылуучу жерлер европа бөлүгүндө (Курск магниттик аномалиясы, Кольск жарым аралындагы Балтика калканы, КМА Бассейни) топтолушкан.

Түстүү металлдар кени боюнча Россия дүйнөдөгү биринчи орунду ээлеп турат. Эң бай кен топтолгон жерлер Чыгыш Сибирде жана Таймырда табылган. Мисалга алсак, Россиянын алмаз казуудагы дүйнөлүк көлөмдөгү үлүшү – 25%. ТАРда гана мындан көп казып алышат.

Өлкөдө көмүрдүн, темирдин жана жез кендеринин, бокситтердин, вольфрамдын жана молибдендин, никелдин жана кобальттын, калайдын, алмаздардын, алтындын казылуучу жерлери иштетилишет. Батыш Сибирь – мунай затын жана газ казып алуунун негизги базасы. Ири мунай заттары алына турган жерлер ошондой эле



Буудайдын алтын талаасы

европа бөлүгүнүн чыгышында жана Түндүк Кавказда, Түндүк Муз океанынын жана Тынч океандын шельфинде топтолушкан.

Россиянын айыл чарбасы россия экономикасынын ажыратылгыс бөлүгүн түшүндүрүп турат. Россия Федерациянын кучак жеткис аймактары бар экендигинен улам, өлкөдө бүткүл дүйнөнүн айдоо жерлеринин ондон бир бөлүгү жайгашкан. Бул дан эгиндеринин, буурчактардын жана башка техникалык маданий өсүмдүктөрдүн ар түрдүү түрлөрүн өндүрүүгө мүмкүндүк берет. Россиянын айыл чарбачылыгы биринчи кезекте, жагымдуу климатынан, жакшы топурагынан жана айдоо жерлеринин салыштырмалуу жогору ПАКынан улам дал ушул дан эгиндерин өстүрүүгө багытталышкан.

Россия буудай экспорттоо боюнча АКШга, Канадага жана Евросоюзга гана орун берип, төртүнчү орунду ээлейт. Орто эсеп менен алганда буудайды экспорттоо 2.3 млрд доллар киреше алып келет.

Өсүмдүк өстүрүүдө ошондой эле кант кызылчасын, күн караманы, зыгырды жана картошканы өстүрүшөт. Мал чарбачылыгы, баары бир өсүмдүк өстүрүүнүн өнүгүү деңгээлинен төмөн турат.



Россиядагы мал чарбачылыгы

Россиянын айыл чарбачылыгында мал багуудагы эт, жүн жана сүт алуу багыттары өнүккөн.

Россия дүйнө экономикасынын башкы борборлору ортосунда маңызы боюнча «көпүрө» болуп эсептелгендиктен, абдан пайдалуу экономикалык-географ-

рафиялык абалга ээ. Бул эл аралык экономикалык мамилелерди өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүп турат.

Эгерде мурун Россиянын башкы өнөктөштөрү болуп Советтер Союзунун мурунку республикалары жана Чыгыш Европа өлкөлөрү эсептелишсе, эми алардын ордун Батыш жана Түштүк Европа, Азия-Тынч океан аймагынын: Германия, Улуу Британия, Италия, АКШ, Япония жана Кытай сыяктуу өлкөлөрү ээлешти. Россия экспортунун жана импортунун 20% КМШ өлкөлөрү беришет.

Эл аралык рынокто Россия отундун, кара жана түстүү металлдардын, бир катар чийки зат товарларынын алдыңкы дүйнөлүк экспорттоочулардан болуп саналат. Өзгөчө анын үлүшү жаратылыш газын, алюминий, никелди, жезди, цинкти дүйнөлүк экспорттоодо жогору.

Россия импортунун түзүмүндө машина куруу продукциясы (негизинен жеңил автоунаалар, тиричилик техникасы, машиналардын ар башка түрлөрү жана чарбачылык тармактары үчүн жабдуулар), тамак-аш товарлары жана айыл чарба чийки заттары басымдуулук кылып турат.



Кант кызылчасын жыйноо



Күн карамалар талаасы

Айыл чарба техникасынын көргөзмөсү




# МАДАНИЯТЫ

Россия – дүйнөлүк маданияттын чыгаандарынан – кылымдар бою кан төгүлгөн согуштар жана кармашууларга толгон катаал тарыхка карабастан, өзүнүн рухий байлыгын жаратып жана сактап кала алган өлкө.

«Орус маданияты» түшүнүгү орус элинин салт-санаасы жана үрп-адаттары менен болгон уникалдуу рухий мурасты гана түшүндүрбөйт. Орус маданияты – бул орус элинин жашоо образы, анын ой жүгүртүү ыкмасы. Бул бүтүндөй дүйнө – өз алдынчалуу, бай, көп жүздүү.

Россия – Пушкиндин, Толстойдун, Достоевскийдин, Чайковскийдин мекени... Бул дүйнөдөгү ар бир сабаттуу адамга таанымал аттардын тизмесин чексиз уланта берүүгө болот.

Орус маданияты менен бүткүл дүйнө жүзү тамшанат. Адабияттын, музыканын, сүрөт өнөрүнүн жана искусствонун башка түрлөрүнүн өлбөс-өчпөс чыгармалары шедеврлерге айланып, дүйнөлүк маданияттын тарыхына киришкен.



Третьяков галереясы

Орус маданиятынын гүлдөп турган мезгили XVIII-XIX кылымдарга туура келет. Россия агартуучулуктун дүйнөлүк державага айланат. Санкт-Петербургда Мамлекеттик Эрмитаж андагы бүт дүйнөгө таанымал атактуу искусство чыгармалар топтому менен, дагы Орус музейи, Москвада – Третьяков галереясы түзүлүшөт. Колдонмо искусствонун сан жеткис байлыктары монастырларда топтолушат.

Орус архитектурасынын тарыхы миң деген жылдарга созулат. Киев Русунун алгачкы таш храмдары гректердин византиялык чеберлери тарабынан курулган. Алар орус усталарынын мугалимдери болуп калышкан. Ошентип, Русь Байыркы Римден үйрөнүлгөн таш (жана кыш) курулуштарынын салттарына жакындатылат. Киев Русунда христианчылыкты кабыл алганга чейин жыгач курулушунун өздүк салттары бар болгон, ал орто кылымдын айылдагы тамдарынын сырткы түрүн узакка аныктаган.



Ыйык Новгороддун чет-жакаларындагы жыгач устачылыгы менен курулган үйлөрү

Байыркы орус маданияты чыгыш славяндыгынын көп кылымдык салттарынын негизинде өнүккөн. Кийинчерээк Орус мамлекеттүүлүгүн түзүшкөн чыгыш славяндарынын архитектурасында адегенде жыгач колдонулган. Жыгач эң жеткиликтүү материал болуп саналган. Орус климатынын катаалдыгы адамды кышкы ызгаардан коргой ала турган үйлөрдү куруу зарылдыгын пайда кылган.

Жыгач үйлөрдүн архитектурасы дайыма өзүнүн өзгөчөлүгү жана сулуулугу менен айырмаланып турушкан. Орус чеберлеринин колунда жыгач Кижадагы, Каргопольедеги жана башка Түндүк, Батыш жана Чыгыш Сибириндеги укмуштуудай керемет устачылык эстеликтерине айланышкан, алардын көпчүлүгү бийик чеберчиликти жана балта менен иштөө

көндүмүнүн маданиятын көрсөтүү менен азыркыга чейин сакталып калышкан.

Байыркы Рустун чеберлери мык жана башка жардамчы бекиткичтерди пайдаланбастан, жалгыз гана батанын жардамы менен жыгачтан куруу жөндөмүнө ээ болушкан, анын мисалы катары Кудайдын кайра жаралуусунун 22 чокулуу Чиркөөсүн кароого болот.



Кудайдын кайра жаралуусунун 22 чокулуу Чиркөөсү (1694–1714)

Жыгачтан мүмкүн болгон бардык курулуштар – жөнөкөй үйлөрдөн, сарайлардан, культтук имараттардан тартып ар түрдүү өндүрүштүк жана аскер объекттерине чейинтургузулушкан.


Үй салуу искусствосу мураска көптөгөн муундарга берилип келген. Азыркы учурда Россиянын аймагынан искусствонун чыныгы чыгармасы болуп калышкан ар түрдүү жыгач үйлөрдү көрүүгө болот.

Орус көркөм сүрөт өнөрүнүн тарыхы Киев Русунан башталат. Боёк менен сүрөт тартуу өнөрүнүн Русьта пайда болушу Владимир княздын аты жана Византия менен байланышта. Христианчылык менен бирге, орус князы Россияга боёк менен сүрөт тартуу салттарын дагы ала келген. Сүрөт көркөм өнөрүнүн алгачкы чыгармалары храмдар менен байланышта болушкан. Бул чиркөөлөрдүн дубалдарын кооздошо турган салтка айланган фрескалар.


Орустардын боёк менен сүрөт тартуусунун гүлдөп турган маалы XIV к. туура келет. Бул мезгил икон жазуу пайда болгон мезгил. Орус иконалары жөн гана окшоштуруп тууроо болгон эмес, алардын өздүк стили болуп, Феофан Грек, Андрей Рублев жана Дионисий сыяктуу чеберлер икон жазуунун деңгээлин жаңы бийиктиктерге алып чыгышкан.




Феофан Грек (1340–1410-жж. жакын) «Кудай Эненин Дон иконасы»



Андрей Рублёв (1360–1428-жж. жакын) «Троица»



Дионисий (1440–1502-жж. жакын) «Димитрий Прилуцкий жашоо тирилиги менен»



А. К. Саврасов (1830–1897)
«Чар каргалар учуп келишти»



И. Е. Репин (1844–1930)
«Запорожьеликтердин түрк султанына жазган каты»

Биринчи реалисттик сүрөттөр Россияда он сегизинчи кылымда пайда болушат. Орус сүрөтчүлөрү, Европанын боёк менен сүрөт тарткан адамдары сыяктуу эле белгилүү бир жанрларга – портретке, пейзажка, натюрмортко кайрыла башташат. Мында өз ролун Петр Інин ишмердиги ойногон, ал «Европага терезе ачкан» жана европанын салттарын Россияда жеткиликтүү кылып кое алган.

Көптөгөн орус сүрөтчүлөрүнүн арасында XVIII кылымдын көрүнүктүү портрет чеберлери катары Ф. С. Рокотовду, Д. Г. Левицкийди, В. Л. Боровиковду атоого болот.

Пейзаждын улуу чеберлери А. К. Саврасов, И. И. Шишкин, И. Айвазовский, И. Левитандар болушкан. XIX кылымдагы реализм Илья Репин менен Василий Суриковдордун чыгармачылыгында туу чокуга чыгат.


XX кылымдын башында орус сүрөт өнөрүнө модернизм кирет. Мында да Россия башка мамлекеттерден эч кем калышпай, дүйнөгө авангардист сүрөтчүлөрдүн



В. В. Каиндинский (1866–1944)
«7 композициясы». Фрагмент



И. И. Шишкин (1832–1898) «Кара буудай»



М. З. Шагал (1887–1985) «Туулган күн»

абдан мыкты чыгармаларын тартуулайт, алар – Василий Кандинский, Марк Шагал, Казимир Малевичтер болушат.

Жогоруда саналып өткөн сүрөтчүлөр орус боёк сүрөт өнөрүнүн сыймыгы болуп саналышат, алардын чыгармалары дүйнөгө таанымал атакты алышкан.



Россиянын Мамлекеттик академиялык Чоң театры

XVII кылым – бул Русьтун театралдык тарыхындагы таң калыштуу окуялардын жүз жылдыгы, бул алгачкы орус кесиптик театрынын жаралуу кылымы. Алгачкы жолу падышалык театр Россияда падыша Алексей Михайловичке тиешелүү болгон жана 1672-жылдан тартып 1676-жылга чейин иш жүргүзгөн. Анын башталышы боярин Артамон Матвеевдин аты менен байланышта, бул абдан билимдүү жана батыш маданиятын кабыл алган адам болгон, ал алгачкылардан болуп көңүл ачуунун ар түрдүү иш-чараларын издеген орус падышасына европа үлгүсү боюнча театр уюштуруу идеясын берген.

Театр искусствосунун өнүгүү жылдары XIX кылымга туура келет, өзгөчө анын экинчи жарымына. Театралдык репетуарда ата мекендик авторлордун пьесалар саны жогорулайт, алар – Островской, Чехов, Горькийлер болушкан. 1898-ж. Станиславский жана Немирович-Данченко тарабынан Моска Көркөмдүк театры (азыркы МКАТ) түзүлөт. МКТнын башкы өзгөчөлүгү болуп демократизм жана жаңычылдык эсептелген. Станиславский иштеп чыккан актердун образдын үстүндө иштөө системасы бүткүл дүйнөлүк атактуулукка ээ болгон. Бул доор эң мыкты актерлордун муунун жараткан. Революциядан кийин сцена көркөмдүгүнүн жаңы формалары Мейерхолддун жана Вахтанговдун театрларынан орун таба алышкан.

Орус музыкасынын башталышы IX кылымдагы биринчи орус мамлекети пайда болгонго чейинки Байыркы Русьтун аймагында жашап турушкан чыгыш-славян урууларынын чыгармачылыгына кетет. Христиан динин кабыл алуу менен кудайга кызмат кылуу ырдоосу пайда болот.

Бүгүнкү күнү накта орус музыкалык аспаптары катары гармонь, балалайка, гитара жана мандолина эсептелишет, иш жүзүндө алар XIX кылымда эле батыш маданиятынан келишкен. Азыркы күнүн алар заманбап элдик оркестрдин салтка айланган музыкалык аспаптары.

Балалайка – бул орус калкынын сүйүктүү музыкалык аспабы. 200 жылдан ашуун мезгилден бери колдонулат.

Орус элдик музыкасы аспаптык музыкага караганда ырдоо түрүндө калган, анткени музыканын өсүүсү ырым-жырым, диний ишмердикке көбүрөөк байланышкан. Христиан дини кабыл алынгандан кийин Киев Русунда храмдарда музыкалык аспаптарды пайдаланууга тыюу салынган. Бутпарастык элементтерин, ырым-жырымды сактап калган элдик музыканы, ырларды аткаруучулар чиркөө тарабынан куугунтукка алынышкан.

Орус музыкалык классиканын өнүгүүсү XIX кылымдын биринчи жарымына туура келет. Ал Михаил Иванович Глинканын аты менен байланышта (1804–1857), бул адам тарыхка дүйнөлүк маанидеги биринчи орус композитору катары кирген. Глинка орус классикалык музыканын негиздөөчүсү болуп саналат. Анын «Падыша үчүн өмүр» жана «Руслан жана Людмила» опералары көп жагынан орус опера музыкасынын андан ары өнүгүүсүн аныктаган. Композитордун чыгармачыл ыкмасынын айырмалоочу мүнөзү болуп орус фолькло-



М. И. Глинка (1804–1857)



М. П. Мусоргский (1839–1881)



А. П. Бородин (1833–1887)



Н. Н. Римский-Корсаков (1844–1908)



П. И. Чайковский (1840–1893)

рунун, элдик музыканын мотивдерин пайдалангандыгы эсептелген.

Глинканын салт-санааларын өзүнүн чыгармачылыгында Мусоргский, Бородин, Римский-Корсаков сыяктуу композиторлор өнүктүрүшкөн. Көп учурда өз чыгармачылыгында композиторлор орус тарыхынын жана фольклорунун сюжеттерине кайрылышкан, алар: Мусоргскийдин «Борис Годунов», «Хованщина»; Бородиндин «Князь Игорь»; Римский-Корсаковдун«Аяз кыз», «Псковдук кыз», «Алтын короз» чыгармалары.

Орус жана дүйнөлүк музыканын тарыхындагы улуу композиторлордун бири Петр Ильич Чайковский – опералардын («Евгений Онегин», «Мазепа», «Чуулгандуу аял» 1890-ж, «Иоланта»), балеттердин («Ак куулар көлү», «Уйкудагы сулуу», «Щелкунчик»), симфониялык жана камералык чыгармалардын ыйык үлгүлөрүнүн жаратуучусу.

Кылымдар тогошкон маалда орус музыкасы жаңы таланттуу композиторлор жана аткаруучулар менен толукталган. Монументалдуу симфониялык чыгармалардын жана балеттердин автору болуп А. Н. Глазунов саналган. Заманбап музыка тилинин, заманбап симфониялык музыканын негиздөөчүлөрүнүн бири болуп композитор жана пианист А. Н. Скрябин эсептелет. Көрүнүктүү композитор, пианист жана дирижер С. В. Рахманиновдун музыкасы жана аткаруучулук чеберчилиги кайталангыс өзгөчө-



«Россия жээктери» элдик музыка жана ырлар ансамбли

лугү жана оригиналдуулугу менен айырмаланып турат.

Музыка маданиятынын өнүгүүсүнүн курамдык бөлүгү жана анын тике натыйжасы катары орус музыка театрынын – операнын жана балеттин чеберлери жетишкен дүйнөлүк атак-даңк болгон. Музыка театрларынын арасындагы алдыңкы орунду петербургдун Мариинский театры жана Москвадагы Чоң театр ээлеп турушкан. Атактуу опера басы Федор Шаляпиндин, балерина Анна Павлованын аттары Рроссияда сыяктуу эле, чет жактарда дагы абдан кеңири таанымал.

мезгилден тартып Россияда классикалык балеттин улуу маданияты өскөн. Орус балетмейстрлери тарабынан өз алдынчалуу, кайталангыс укмуш керемет спектаклдер жаратылышкан. Ошондуктан дүйнөнүн көпчүлүк театрлары өз репертуарларына П. И. Чайковскийдин «Уйкудагы сулуу», «Ак куулар көлү»ж. б. ушул сыяктуу балеттерин бекеринен киргизишпейт.

П. И. Чайковский хореографияны абдан сүйгөн жана анын өзгөчөлүгүн түшүнгөн. 70-жылдарды Чайковский балет жаратууга кайрыла баштаган. П. И. Чайковский тарабынын түзүлгөн үч балет – «Ак куулар



«Ак куулар көлү» «Уйкудагы сулуу» «Щелкунчик»

**Балет** – анда бий искусствосу музыкалык-сценалык оюн деңгээлине чейин көтөрүлө турган хореографиянын жогорку баскычы. «Балет» термини ренессанс маалындагы Италияда XVI кылымда пайда болгон жана спектаклди эмес, бий эпизодун белгилеп турган. Балет дайыма искусствонун табышмактуу түрү болгон жана ошол бойдон калууда. Аны көпчүлүк тааныйт, бирок түшүнгөндөр бирин-серин. Балет – искусствонун эң көркөмдү түрлөрүнүн бири болуп саналат, аны көрсөтө турган нерсеси катуу, өзүнүн гана мыйзамдарына баш ийген бий болот. Анын негизине жай, бирдей салмактуу жана дайыма назик жана кылдат, көз жоосун ала турган кыймылдар киргизилет.

Россия балетти XVII кылымда тааныган, ал эми алгачкы балет оюндары менен XVIII жүз жылдыкта таанышкан. Ошол

көлү», «Уйкудагы сулуу» жана «Щелкунчик» – жомок сюжеттерине негизделишкен, орус классикалык музыканын мыкты жеңиштери болуп саналышат. Чайковскийдин балеттери адаттан тыш болуп, өз мезгилиндеги театр практикасында жаңылык болушкан. Ошону менен бирге ал замандаштары тарабынан дароо эле түшүнүлө койгон эмес.


Чайковскийдин балет музыкасынын башкы айырмачылыгы – терең мазмундуулугу жана бийге эптүүлүгү. Ар бир сцена образы анда өзүнүн музыкалык мүнөздөмөсүн ала алат.

«Уйкудагы сулуунун» жана «Щелкунчиктин» пайда болушу менен жаңы кубулуш – Чайковскийдин балет театры калыптанган.

Заманбап балет театры Чайковскийсиз, анын «Ак куулар көлү», «Уйкудагы




А. С. Пушкин
(1799–1837)



Л. Н. Толстой
(1828–1910)



И. С. Тургенев
(1818–1883)



Ф. М. Достоевский
(1821–1881)



А. П. Чехов
(1860–1904)

сулуусусуз» жана «Щелкунчигисиз» жок сыяктуу. Бул балеттердин драмалуу, ошол эле маалда мелодиялуу музыкасы ар түрдүү континенттердин ар кандай жаш курактагы көрүүчүлөрүн бирдей эле толкундатат.

Дүйнөлүк адабият жана искусство орус адабиятынын чыгармалары менен олуттуу эле байытылган. Орус адабияты – бул алардын аттары дүйнө маданиятына киргизилген көп сандагы жазуучулар.

Орус адабиятынын алтын кылымы болуп XVIII кылым саналат, ал адабиятты үч багытка бөлүштүргөн: классицизм (М. Ломоносов, Г. Державин, Сумароков), реализм (Д. И. Фонвизин), сентиментализм (Н. М. Карамзин).

Орус адабиятынын гүлдөп-өнүгүшү XIX кылымда дагы улантылат, дүйнөгө ушул маалда Александр Сергеевич Грибоедов, Иван Андреевич Крылов, Александр Сергеевич Пушкин, Михаил Юрьевич Лермонтов, Николай Васильевич Гоголь жана башка көптөгөн атактуу наамдар ачылат.

Абдан маанилүү окуя болуп Русьтагы китеп басып чыгаруунун пайда болушу саналган. Алгачкы так күнү коюлган орус басылма китеби «Апостолду» 1564-ж. Иван Федоров жана Петр Мстиславец чыгарышкан.


А. С. Пушкин – классикалык орус адабиятынын жана адабий орус тилинин негиз салуучусу.

Орус адабиятынын чет элдик окурманга чыныгы ачылышы 1879-жылы «Согуш жана тынчтык» алгачкы француз котормосу жарыкка чыкканда болуп өткөн. Толстойдун эпопеясы өзүнүн жаңы окурмандарын таңдандырып, башка орус жазуучуларынын чыгармаларына жакындан көңүл буруууга аргасыз кылган. Ушул мезгилден тартып орус адабияты чет элдик өлкөлөрдүн элдеринин – Батыштын жана Чыгыштын (Индия, Япония. Кытай) элдеринин рухий жашоосуна кубаттуу агым менен агылып кире баштайт. Толстойдон тышкары, тамшанууга жана урматтап кастарлоого Тургенев жана Достоевский татыктуу болушкан, бул жазуучуларды чет мамлекеттерде Улуу үчилтик деп аташкан.

Тез эле Чехов да таанымал болгон. Анын новатордук драматургиясы бүткүл адамзаттын энчиси болуп калган. Адамдын күнүмдүк турмушундагы эмоционалдык абалын чагылдыруу –драматург XX кылымдын башталышында көрсөткөн жаңы жол.

Достоевскийдин, Чеховдун жана Толстойдун чыгармачылыгы алардын улуу адабий мурасын изилдөө менен алектенишкен заманбап муунду дагы кош көңүл калтырбайт. Алар боюнча спектаклдерди сүйүүчүлүк сценасы сыяктуу эле, кесиптик сценада дагы коюп келе жатышат. Орус классиктеринин чыгармалары кинотасмалардын сценарийлеринин негизине салынышууда.

# ОРУС ЭЛДИК КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮ



Идиштеги хохлома сүрөттөрү

**Хохлома сүрөттөрү**

**Хохлома** – XVII кылымда эле Семёнов ш., Нижний Новгородго жакын пайда болгон орус элдик кол өнөрчүлүгүнүн ичинен эң коозу. Бул эмеректерди жана жыгач идиштерди коoздоп сүрөт тартуу болгон.

**Палех миниатюрасы**

**Палех** – бул Иванов областындагы шаар тибиндеги кыштак, Нижний Новгород жана Иваново шаарларынын ортосундагы трассада жайгашкан. 1923-жылы биринчи палех миниатюрасы жаралат. Палех лак миниатюрасы күнүмдүк турмуштан, жомоктордон, ырлардан, болмуштардан алынган кадимки сюжет түрүндө берилген.



Үч ат чегилген арабадагы Аяз Ата (Палех).

**Матрёшка** – бул сыртына сүрөт тартылган эң атактуу орус жыгач оюнчугу, анын ичинде өзүнө окшош кичирээк өлчөмдөгү куурчактар салынышат. Ичине салынган куурчактар саны үч жана андан жогору. Салт катары кызыл сарафан кийип, жоолук салынган аял тартылат. Ал XIX кылымда пайда болгон, автору катары сүрөтчү Сергей Малютин эсептелет. Куурчакты жаратуу идеясынын жапон тамырлары бар.



Матрёшка

Ачык түстөгү, жеңил, назик **павловопосад жоолуктары** дайыма модалуу жана актуалдуу. Бул элдик кесип өнөрү XVIII кылымдын аягында Павлово айылынын дыйкандар ишканасында пайда болгон, андан кийинчерээк жоолук мануфактурасы өнүгүп кеткен. Бул жакта, ошол маалда абдан популярдуу болгон үстүнөн салма сүрөттөрү менен жүн чоң жоолуктар (шаль) өндүрүлө баштаган.



Павлово-посад жоолуктары

Азыр оригиналдуу болгон сүрөттөр чачык сыяктуу ар түрдүү элементтер менен толукталышат, ар түрдүү түстөгү гаммаларда жаратылып, каалагандай образга укмуштуудай сонун аксессуар бойдон калууда.

# ТУРИЗМ

Россиянын бай маданий мурасы жана жаратылыштык ар түрдүүлүгү ага эл аралык туризм чөйрөсүндө дүйнөдөгү алдыңкы орундардын бирин ээлеп турууга мүмкүндүк берет.

Өлкөдө ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурасынын 26 объекти бар.

Россия ыңгайлуу географиялык абалга ээ. Ошондой эле Байыркы Русьтун аймагы аркылуу негизги соода жолдору өткөн жана соодагерлер өз товарларын Батыштан жана Чыгыштан ташып турушкан. Бул мезгил туризмдин өнүгүүсүнүн баштапкы баскычы болуп эсептелет.

Саякаттоолор тарыхындагы ири өзгөрүүлөр император Петр I башкарган мезгилде өтөт. Падышанын өзүнүн орус туризминин өнүгүүсүндөгү ролу бийик. Ал өз кол алдындагыларын жөн гана ишкер жол тартууларга жөнөтпөстөн, башка маданиятты таанып-билип келүү максаты менен дагы жөнөтүп турган. Өзү да бир нече ирет европа мамлекеттерине – Англия, Голландия, Италияга барган.

Туризм жана саякаттоо дээрлик XIX кылымга чейин алдыга коюлган максат болгон эмес. Алар ар түрдүү мүнөздө болушкан: таанып-билүүчүлүк, коммерциялык, миссионерлик. XIX кылымда гана саякаттоолордун экскурсиялык мүнөзү пайда болот. Бирок он тогузунчу кылымдагы Россияда туризм Европадагылай массалык көрүнүш болгон эмес. Анын себеби калктын жашоо деңгээли төмөндүгүндө болгон.

Совет жылдарындагы жыйырманчы кылымдын туризми – бул социалдык мүнөздөгү туризм.

Туризмдин деңгээли сапаттуу болгон эмес. Туристтик жолдомолор мамлекет тарабынан дээрлик акысыз берилишкен жана бул тармак өзгөчө деле өнүгүп-өсүп кеткен эмес.

Азыркы баскычта Россиянын эл аралык туризми абдан ийгиликтүү жана динамикалуу өнүгүп жатат. Улам көбүрөөк жарандар өлкө ичинде сыяктуу эле, чет мамлекетте дагы саякаттоо мүмкүндүгүнө ээ болушууда.

Түндүк Кавказдагы туризм



Россияда ички туризм акыркы жылдар ичинде тез өнүгүп баштады, ушуга байланыштуу жаңы отелдер курулуп, көңүл ачуунун жаңы объекттери ачылууда, аэропорттор модернизацияланып, темир жолдор көрсөтүүчү кызматтар өркүндөтүлүүдө, жаңы автоунаа жолдору түзүлүп, эскилери оңдотулууда.



Москва-Сити




Волгадагы круиз

Азыркы учурда Россияда кызмат көрсөтүү чөйрөсү жана туристтик инфраструктура жаңылануу мезгилинен өтүп жатат, туризмди өнүктүрүү максаттарында Өкмөт тарабынан «Россия Федерациясындагы ички жана кирүү туризмин өнүктүрүү (2011–2018-жылдар)» программасы бекитилген. Абдан кооз жана туристтер тарабынан сүйүктүү болгон Россиянын аймактарында туристтик өзгөчө экономикалык зоналар түзүлгөн жана түзүлүп жатышат.



Ключевск вулканы. Камчатка крайы

Россиядагы негизги туристтик маршруттар Россиянын эски жана жаңы борборлоруна, Краснодар жана Савропол крайларынын, Калининград областынын санаториялык-курорттук мекемелерине, Кавказдын жана Сибирдин тоо-лыжа курортторуна барууну, «Россиянын Алтын айлампасы» боюнча саякаттоону, Волга боюнча круиздерди, «Орус Арктикасы» улуттук паркына ледоколдо жасалуучу круиздерди, Транссибирь магистралы боюнча Алтай тоолоруна жана Байкал көлүнө баруу менен алыскы жол тартууларды, Камчатканын жана Приморьенин вулкандарына болгон саякаттоолорду түшүндүрүп турат.



Алтайдагы бийик тоолор кыркалары

# АТАКТУУ АЖАЙЫП ЖАЙЛАРЫ


Россия – абдан кооз жана ар түрдүү кызыктуу жерлери бар өлкө. Анын кең мейкиндигинен Пизан мунарасына жана будда храмына окшош жайларды табууга болот. Анын аймагында абдан көп кызыктуу орундар топтолгон: байыркы славяндардын тарыхый эстеликтери, орто кылымдагы архитектуралык ансамблдар, падыша доорунун сарайлары жана үйлөрү; көп сандаган монастырлар, храмдар жана чиркөөлөр; уникалдуу жаратылыш объекттеринин түрлөрү – көлдөр, токойлор, тоолор, үңкүрлөр, мөңгүлөр, өрөөндөр, геологиялык пайда болуулар, гейзерлер ж. б.

Албетте, Россиянын мейкиндигинде өзүнүн улуулугу жана сулуулугу менен таң калтыра турган жерлери өтө көп. Кайталангыс жана адамдар көп барган архитектура эстеликтери жана жаратылыш жерлери, албетте, Москвадагы белгилүү жерлер.



Москва Кремли

**Москва Кремли** – Россиянын рухани-саясый жана маданий-тарыхый борбору болуп саналган, орус улуттук архитектурасынын кайталангыс кенчи. Кремль орус элинин өткөндөгү жана учурдагы географиялык көрүнүшүн бир бүтүнгө бириктирет. Тарыхый жактан караганда ал бийликтин резиденциясы болгон жана бүгүнкү күндө дагы анда Россия Президентинин резиденциясы жайгашкан. Москва Кремли бир нече музей-собордон: Успенск, Архангельск, Благовещенск соборлорунан; XVII кылымдагы Патриархтар палатасынан турган, ири музей комплекси болуп саналат. Ошондой эле өткөн кылымдагы падышалардын кенчтери коюлган Куралдар палатасына, өзүнө Улуу Екатеринанын 190 караттык бриллиантын камтыган, зер буюмдардын коллекциялары бар алмаз фондунун көргөзмөсүнө баруу керек.



Ыйык Василий Собору

**Василий Блаженный собору,** 1554–1561-жылдары курулган, Москванын дал ортосунда жайгашкан. Россиядагы эң башкы туристтик белгилүү орундардын бири болуп саналат. Имарат өзүнүн архитектурасынын өзгөчөлүгү жана уникалдуулугу менен кызыктырып турат. Собор формасы боюнча жалындап жаткан отту элестетет. Василий Блаженный соборуна окшош башка имарат таптакыр жок.

**Куткаруучу Христос** (Христос Спаситель) храмы (же Христос Рождествосунун собору) – Кремлден алыс эмес Москва дарыясынын сол жээгинде жайгашкан кафедралдык Собор храмы. Бул жер мурда Чертолье деп аталган. 1990-жылдары курулган имараттын сырты ушул эле орунда XIX кылымда


тургузулган ушундай эле аталыштагы храмга окшош. Храмдын дубалдарына 1812-жылдагы согушта жана башка согуштук жүрүштөрдө каза болгон Орус армиясынын офицерлеринин аттары жазылган. Оргиналдуу храм Россияны наполеондук кол салуудан куткарганы үчүн Кудайга ыраазычылык иретинде тургузулган: «Россия эли кыйын учурда көрсөткөн Динге жана Мекенге болгон чексиз аракетти, ишенимдүүлүктү жана сүйүүнү түбөлүк сактоо жана Россияны ага келтирилген коркунучтар куткарган, Кудайдын Ырайымына Биздин ыраазычылыкты көрсөтүү үчүн». Имараттын жалпы түрү византия архитектурасынын үлгүсү боюнча тургузулган байыркы орус храмын элестетет. Храмдын тышкы дубалдарын жасалгалоого жана рельефтик сүрөттөрүн даярдоого Коломенск уездинин Протопопов айылына жакын карьерден алынган ак мрамор пайдаланылган.

Россиянын башкы маданий борборлорунун бири Санкт-Петербург болуп саналат.



Эрмитаж галереясындагы дубалдардын оюу-чийүү жазуулары

Дүйнөдөгү белгилүү жана ири музейлердин бири – **Мамлекеттик Эрмитаж.** Музейдин коллекциясы 400 залда жайгашкан, үч миллиондон ашык экспонатты камтыйт. Эрмитаждын өзү беш имаратты, анын ичинде Кышкы сарайды камтыйт. Музейдин Көргөзмө галереяларынын жана залдарынын жалпы узундугу он тогуз километрден көп.



Куткаруучу Христос храмы

Мыкты искусство чыгармалары, эски кол өнөрчүлүк буюмдары, шаймандар, куралдар жана башка предметтер жердеги элдердин тарыхынын жана маданиятынын өнүгүшүнө көз салууну шарттайт.

Музейде Баштапкы маданият бөлүмү, Антика дүйнө бөлүмү, Чыгыш бөлүмү, Батыш европа бөлүмү, Орус маданиятынын тарыхы бөлүмү, Нумизматика бөлүмү, «Алтын кампа» экспозициялары бар.

Дүйнө жүзүндөгү эң ири жана эски музей – бул россиянын Эрмитаж музейи, анда 3 млн. экспонат бар жана кимдир бирөө ар бир экспонатка болгону бир мүнөт убакыт бөлүп, анын баарын карап чыгууну каалаcorrect, бул адам музейге жумушка барган сыяктуу 25 жыл бою келиши керек.



Исаакиевский собору

Санкт-Петербургдун символдорунун бири – **Исаакиевский собору.** Питердеги эң чоң православ храмы жана дүйнөдөгү ири соборлордун бири. Комплекстин жалпы аянты бир гектердан көп, бийиктиги жүз бир жарым метр. Собордун ичиндегилер өзүнүн кооздугу жана бай жасалгасы менен таң калтырат. Храмды курууда ар кандай минералдардын 43 тоо тектери жана жарым асыл таштар, ошондой эле 100 килограмм кызыл алтын пайдаланылган. Ички жасалгасы бай жазуулардан, мозаика жана боёк менен тартылган картиналардан турат. Собордо үч алтарь бар. Башкы алтарь Исаакий Далматскийге, оң жактагы алтарь – ыйык Азап Чеккен Екатеринага, сол жактагы алтарь – ыйык князь Александр Невскийге арналган. Иссакиевский соборунун кырк үч метрлик колоннадаларынан бүтүндөй шаардын панорамасы ачылат.



Петергоф

Россиядагы эң кооз орундун бири Санкт-Петербургдан анчалык алыс эмес жердеги Фин булуңунун түштүк жээгинде жайгашкан, **Петергоф** сарай-парк ансамбли болуп саналат.

Петергофту курууну 1714-жылы Петр I баштаган, алгачкы имараттар менен Чоң Петергоф сарайы, Монплезир, каскаддары менен Чоң грот жана Төмөнкү парктагы башка курулмалар түптөлгөн, ал өзү негизги бөлүгү 1723-жылы аяктаган. Революцияга чейин 1918-жылы Петергоф (которгондо Петрдын сарайы) императордук үй-бүлөнүн резиденциясы болгон, революциядан кийин – музей комплексине айланган.

Петергофтун эң таанымал жери – өзүнө көп адамдарды тарткан, анын белгилүү кооз фонтандары. Жогорку паркта 5 фонтан курулган, Төмөнкү паркта – 100 га аянтта жайгашкан, дүйнөдөгү ири фонтан-



Екатеринанын чоң хан сарайы

дар комплекси курулган. Петергофтун белгилүү фонтандарынын бири – «Арстандын жаагын айрып жаткан Самсон».

Санкт-Петербургдан анча алыс эмес Пушкин шаарындагы (мурдагы Падыша Кыштагы) **Екатеринанын чоң хан сарайы** – Россиядагы эң кооз жана чоң сарайлардын бири. Барокко стилинде имаратты куруу 1717-жылы Екатерина I берген буйрук боюнча башталган. Сарайдын фасаддары атланттар, кариатиддер жана башка жабыштырылуучу Растрелли кооздуктары менен кооздолгон.

Советтик мезгилде бул жерде музей ачылган, ал эми УАС убагында сарай жабыркап, сарай комплексин реставрациялоо азыркы күнгө чейин уланып келет. Сарайдын башкы кызыктуу орду 1716-жылы Пруссия падышасы Петр Іге белекке берген кооз Янтарь бөлмөсү же Янтарь кабинети болгон. Оккупация убагында Янтарь бөлмөсү Кенигсбергге ташылып кеткен, андан кийин анын изи жоголуп, дайынсыз болуп калган.

**Падыша айылы** – мыкты башка сарайы, кенен паркы жана башка кызыктуу курулуштары бар кереметтүү сарай-парк ансамбли. Бул жердин борбордук ордун барокко стилинде аткарылган Екатеринанын чоң хан сарайы ээлейт. Анын кенен залдары, анын ичинде дүйнө жүзүнө таанымал «Янтарь бөлмөсү» өзүнүн көркөмдүгү жана кооздугу менен таң калтырат.

Екатеринанын жана Александровдун парктары «Падыша айылы» музейкоругунун ажыратылгыс бөлүгү болуп саналат. Алардын жалпы аянты 300 гектар аймакты ээлейт. Парктарда жүздөн ашык архитектуралык курулмалар – сарайлар, скульптуралык композициялар, павильондор, көпүрөлөр бар.

Россиянын дагы бир белгилүү орду узундугу болжол менен 1000 км болгон, Алтын айлампа болуп саналат. Ага байыркы тарыхты жана эски архитектуранын жалпы белгилерин бириктирген, борбордук Россиянын эң чоң жана майда шаарлары кирет. Алардын ичинде Владимир, Александров, Суздаль, Муром, Юрьев-Польский, Сергиев Посад, Иваново, Кострома, Плес, Ярославль, Переславль-Залесский, Рыбинск, Углич, Ростов, Калязин, Москва шаарлары бар.






Ростов Кремли

**«Алтын айлампа» термини** өткөн кылымдын 60-жылдарында пайда болгон. Шаарлар өздөрү менен Москванын түндүк-чыгышында жайгашкан «Айлампаны» түзөт.


Алтын айлампа элдик искусствонун кайталангыс чыгармалары менен белгилүү, аларды Алтын айлампанын шаарларынын музейлеринен көрүүгө болот: сөөктү жана жыгачты кесүү, токуу жана зергерчилик чеберлеринин буюмдары, эмальда (финифтью) тартылган боёк сүрөт, лакталган миниатрюра жана башкалар менен белгилүү. Алтын Айлампанын шаарларынын айрымдары (Улуу Ростов, Суздаль) өздөрү



Кижи аралы

музей болуп саналат, Россиянын тарыхын көрсөтөт жана анда өзүнүн изин калтырган. Мунун күбөлөрү – биздин убакка чейин сакталып калган көптөгөн тарыхый эстеликтер: крепосттор, монастырлар, храмдар ж. б. Переславль-Залесскийде гана – беш монастырь бар, алардын төртөө бекем крепосттук дубал менен тургузулган.

**Кижи** – Россиядагы жана чет өлкөдөгү эң кооз жана белгилүү православия музей-коругу. Музей Карелиядагы Онега



Кижидеги Кудайдын Кайра жаралуу чиркөөсү

көлүндөгү Кижи аралында жайгашкан. Музей экспозициясынын негизин XVIII-XIX кылымдарда курулган, Кижи погостунун жыгач храм имараттарынын комплексин түзөт. Храмдарды тургузууда куруучулар орустардын жыгач менен имарат куруу өнөрүнүн новгороддук салттарынан чыккан ыкмаларын пайдаланышкан, атап айтканда, конструкциялардын деталдарын металл бекиткич – мык, болт ж. б. пайдаланбай бекитишкен.

1990-жылы Кижи күмбөзү ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурастар тизмесине киргизилген.

Волгадагы Волгоград шаарынын эң таанымал жерлеринин бири **Мамаев Курган** тарыхый-мемориалдык комплекси болуп саналат, ал шаардын борборунда 102 метр бийиктикте тургузулган. Мемориал Улуу Ата мекендик Согуштагы советтик аскерлердин жеңишине арналган эң ири комплекс болуп саналат. Согуш убагында бул орун «Бийиктик 102» деп аталган жана аскердик карталарда маанилүү объект катары белгиленген:

Сталинград кармашында бул бийиктик душмандардын аскерлерине байкоо жүргүзүүнүн башкы пункту болуп саналган.

Мамаев Кургандын мемориалдык комплекс катары тарыхы 1958-жылы, СССР Министрлер Кеңеши Сталинградда эстелик-ансамблин куруу жөнүндө токтом кабыл алганда башталган, ал 8 жыл бою курулган. Бул долбоордун автору – скульптор Е. В. Вучетич.

Тарыхый-мемориалдык комплекстин башкы скульптурасы – **«Мекен-эне чакырат!»**. Бул композициялык борбор – алдыга карай умтулуп, артынан уулдарын чакырган аялдын фигурасы. Аялдын бийиктиги – 52 метр, оң колунда – салмагы 14 тонна болгон 33 метрлик кылыч бар. Монументтин жалпы бийиктиги 85метр. Скульптуранын жалпы салмагы – 8 миң тонна.

«Мекен-эне чакырат!» Гиннестин Рекорддор китебине киргизилген. Бүгүнкү күндө статуя дүйнөнүн эң бийик статуяларынын тизмесинде 11-орунду ээлеп турат.



Мекен-эне чакырат!

**Ыйык-Успенский эркектер монастры**. Крым. Уламыштарга ылайык, учурдагы Ыйык-Успенский монастрынын ордунда, Крым хандыгынын борбору Бахчисарайдан алыс эмес, Крым тоолорунда Марьям-Дере коктусунан койчу Богородица иконасын таап алган. Ушундан кийин иконаны канча жолу алып кетишкендигине карабай, Богородицанын образы кайра эле аскага кайтып барып турган. Жергиликтүү христиандар ушул жерге храм тургузууну чечишет, бирок ылайыктуу аянтча табылбагандыктан, храмды аскадан оюп жасоо чечими кабыл алынган, бул VIII кылымда ишке ашырылган.



Кудай энесинин Сицилия иконасы чиркөөсү

## МАЙРАМДАРЫ



Жаңы жылдык майрам

Россияда расмий белгиленген майрам күндөрү бар. Бир дагы майрамды Жаңы жылды күткөндөй күтүшпөйт. Бул майрам 31-декабрдан 1-январга караган түнү белгиленет. Мурда Жаңы жылды Петр 1 жылдыруу жөнүндө буйрук чыгарганга чейин, 1-сентябрда белгилешкен.

**23-февраль** – Ата мекенди коргоочулардын күнү. Бул майрамда эркектерди куттукташат жана согушта курман болгон жоокерлерди эскеришет. Александров атындагы бакчада Кремлдин ичинде Белгисиз жоокердин күмбөзүнө гүлчамбар жана гүл коюу салтанаттуу иш-чарасы өтөт.

**8-мартта** россиялыктар Эл аралык аялдар күнүн белгилешет. Бул майрам бардык аялдарда сүйүү сөздөрүн айтуунун жана сый-урмат көрсөтүүнүн шылтоосу болуп калды.


**1-майда** Жаз жана Эмгек майрамы белгиленет. Ал Жаздын келишин жана россиялыктардын ынтымагын символдоштурат.

**9-май** – Жеңиш күнү. Россиянын ар бир жараны үчүн ыйык майрам. Бул күнү бардык адамдар 1941–1945-жылдары Улуу Ата мекендик согушта Мекени үчүн күрөшкөн адамдарды эскеришет. Фашисттик Германияны жеңүү элге 27 миллион адамдын өлүмү менен келген. Бул күнү согуштун ардагерлерин сыйлашат. Кызыл аянтта салтанаттуу парад өтөт, ал эми кечинде асманга майрамдык салют атылат.



9-май – Жеңиш күнү

**12-июнь** – Россия күнү. Эгемендүүлүк жөнүндө декларацияны 1990-жылы



12-июнь – Россия күнү

кабыл алышкан, бирок бул күндүн расмий аталышы он эки жылдан кийин гана бекитилген.

**4-ноябрь** Элдин биримдиги күнү деп жарыяланган. Москва элдик аскерлер тарабынан поляктардан бошотулган, 1612-жылдагы окуялар эскерилет.



Рождество

**Элдик майрамдар.**

**7-январь** православдар негизги христиан майрамдарынын бирин – Христостун Туулган күнүн белгилешет. Бул күнү Дева Мария Иисус аттуу уулду болгон. Рождество алдындагы түн Рождество арапасы деп аталат. Бул күнү сочиво – бал жана мейиз кошуп буудайдан жасалган пост тамагы бышырылат. Асманда биринчи жылдыз пайда болгонго чейин сүт жана эт тамактарын жешпейт.


Жазында **Пасха – Жаркын Христос**



Пасха

**Жекшембиси** майрамдалат. Качандыр бир Христтин окуусун кабыл алган адамдар аны алдамчылыкка айыпташкан. Христти кармап алышып жана крестке керип жазалашкан. Бирок керемет көрүнүш болгон: Христос тирилген жана окуучуларынын алдында пайда болгон. Дал ушул окуяны белгилөө салтка айланган. Пасхада кулич деген таттуу токочторду бышырышат, пияздын кабыгы менен жумуртканы боёшот, быштак пасхасын даярдашат. Бардык православ храмдарында салтанаттуу сыйынуу өтөт. Адамдар бири-бирине: «Христос тирилди!» деп айтышат жана «Чындап тирилди!» деп жооп кайтарышат.

**Масленица** – байыркы славян майрамы. Улуу посттун алдында бир жума белгиленет. Масленица – бул саналуу күндөр калган жылуулукту, жаратылыштын жазгы жаңылануусун кубанычтуу күтүү менен, кышты шаңдуу узатуу. Майрамдын башка атрибуттары төмөндөгүлөр болгон – Масленица каракчысы, оюндар, чана тебүү, сейилдөө жана куймактар – тегерек, кызыл, ысык болгон, мурда алар ритуалдык мааниге ээ болгон, анткени күндү узартуу менен, жарык болгон күндүн символу катары эсептелген.



Б. Кустодиев «Масленица». Фрагмент

## АШКАНАСЫ

Башынан эле орус тамактары табигый жөнөкөйлүгү жана дагы бир түрдүүлүгү менен айырмаланган. Диний ишеним менен каралган постту (орозо) сактоодон улам, бардык тамак посттук жана жөнөкөй деп бөлүнгөн. Тамакты ундун, сүт азыктарынан, өсүмдүк жана эт камдыктарынан даярдашкан.

XVI-XVII кылымдардагы орус үй-бүлөсүнүн кадимки тамагы сулу унунан жана суудан жасалган талкан, ошондой эле ичине эт, балык, быштак, салынган мешке бышырылган жана бурулган пирогдор, ботко, кесме, тоо эти, жумуртка, козу карындар жана жемиштер болгон. Майрамдарда дасторконго каравай, курник, оладьи, котлома, куймак, катырак чоймо токоч, левашниктер, перепичтер, камыр тобурчагы жана жаңгактары коюлган.

Жашылчалар тамакка өтө көп жана ар кандай колдонулган – аларды чийки жешкен, туздашкан жана маринаддашкан. Орустардын чарбагына картошка келгенге чейин ашканада шалгам «кожоюндук» кылган – аны көп тамакка кошушкан жана өз алдынча тамак катары пайдаланышкан.

Орус улуттук ашканасы дүйнө жүзүнө өзүнүн биринчи тамактары менен таанылган: щи, борщ, рассольник, ботвинья, кызылча шорпосу жана уха – тамактары дасторкондун көркүн ачат. Орус ашканасын куймактар, солянка, окрошка, чүчбара ачык мүнөздөйт. Икра өзүнүн кымбаттыгына байланыштуу майрамдык тамак болгон жана ошол бойдон калууда.

**Куймак (блины)** – бул орус кулинардык табылгасы. Славян-бутпарастары биринчи кезекте күндү ардакташкан, ал эми куймактын формасы жана тышкы түрү бул славян «кудайын» символдоштурат.



Куймактар

**Щи** – бул дагы ар бир оруска жакын тааныш тамак. Щини даярдоонун таржымалы Руска Байыркы Римден капуста алынып келингенде башталган. Жаңы жашылчанын пайда болушу – орустарда 9-кылымда эле чоң ойлоп табуучулукту ойготкон: көптөгөн ар кандай капуста тамактары, анын ичинде щи ойлонуп табылган.



Окрошка (жашылча шорпо)

**Окрошка** – квас менен байланыштагы салттуу орус тамагы. Мындай муздак шорпону даярдоону орустар ойлоп табышкан жана мурда жашылчалар топтомуна квас гана эмес, туздалган бадыраң же капустанын суусун да кошушкан. Кийинчерээк окрошканы дал ушул «кычкыл суусундук» – квас менен даярдоо көнүмүшкө айланган.

**Чүчбара** – бул камырдан жана тууралган эттен жасалган тамак орустардын аң-сезиминде улуттук ашкана менен ты-



Чүчбара

гыз байланыштуу каралат. Жоромолдордун бири боюнча чүчбара орус ашканасына Кытайдан татар-монгол ордосу менен келген – ал жерде чүчбара юи-пао жана дзыдзы катары белгилүү болгон.

Христиан дини орус ашканасына олуттуу таасирин тийгизген. Пост (орозо) кармаган күндөрү көп тамактарга тыюу салынган. Ошондуктан дүйнөнүн бир дагы ашканасында жашылчалардан, акталган дандардан, козу карындардан жана жемиштерден даярдалган мынчалык ар түркүн пост тамактары жок.

Этти пайдаланууда олуттуу диний чектөөлөр болгон. Торпоктун этин жана жылкынын этин жегенге болгон эмес. Эгер бүгүнкү күндө торпоктун этине байланыштуу бул тыюу салуу дээрлик сакталбай турган болсо, жылкынын эти орус ашканасында таптакыр пайдаланылбайт.

Орустардын үйүндө тамак өзгөчө салынган меште бышырылгандыктан, куурулган тамактар азыраак болгон. Негизинен кайнатып бышыруу, быктырып бышыруу, камырга ороп бышыруу жана демдөө сяктуу кулинардык ыкмалар пайдаланылган.

Квасты, сбитенди, балды жана жемиш морсторун анык орус суусундуктары деп атоого болот.


**Квас** – абдан байыркы орус суусундугу, ал жөнүндө 988-жылы князь Владимир киевдиктерди чокундуруп, «Баарына квас! Менин эсебимден!» деген токтом чыгарганда эскертилгени айтылып келет. Ошол убактан бери даярдоо рецептурасы өзгөргөн жок, ошол кезде эле аны ачытуу технологиясы боюнча нандын негизинде даярдашкан.

Россиядагы эң белгилүү суусундуктардын бири – бул чай. Чай ичүү каадасы менен орустар күндү аякташкан, чай ичүү менен жаңылыктарды айтышып, ошол күнү болгон окуялар жөнүндө сүйлөшүп, чай ичүүгө бүтүндөй үй-бүлө чогулган. Россияда чай ичүү үстөлдүн үстүндө самоордун болушу менен коштолгон.

**Самоор** орус элинин күндөлүк турмушуна XIX кылымда чай кеңири жайылгандан кийин кирген. Самоордун мекени Урал деп эсептелет. Заречьеде 1778-жылы ага-ини Лисициндер биринчи самоорду жасашкан, андан кийин алар самоор өндүрүү боюнча фабриканы ачышкан.

Кийинчерээк орус дасторконуна Чыгыштан эт тамактары: чүчбара, манты, шишкебек келе баштаган. Бул жерде дагы орустардын ойлоп тапкычтыгы орун алган – бефстроган эт тамагы, өзүнүн чет тилдердегидей аталышына карабастан, орус тамагы болуп саналат.

Анык орус кулинардык салттарынын жаралуусунда фамилиясы Карем аттуу француз кулинары чоң ролду ойногон. Ал жана анын жолун улантуучулар бардык тамак дасторконго бир убакта берилген тамакты берүүнүн «француз» тутумун байыркы орустардын кезеги менен берүү ыкмасы менен алмаштырууну, ошондой эле орус кулинардык салттарына таандык болгон, бүтүн жашылчалардан даярдалган кыйла накта тамактардын пайдасына майдаланган тамактардан баш тартууну сунушташкан. Бирок ушул убакта дагы кайра жаралып жаткан орус салттары француз «редактурасынан» өткөн: ошентип уруп жумшартылган эт тамагы жана орусча эмес аталыштагы көптөгөн орус тамактары – бифштекс, лангет, эскалоп ж. б. пайда болгон. Ушул эле убакта картошканы гарнир катары кеңири пайдаланылып баштаган, ошондой эле орус дасторконунун өзгөчөлүү элементтеринин бирине айланган, ысылыктын (жеңил тамактын) түрлөрү кыйла көбөйгөн.



Самоор

250c